| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 03-36 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 4
«24» 12 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атн.КМТУнун ректору
Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/303
«30» 12 2025-ж.

# И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК КИТЕПКАНАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Бишкек, 2025-ж.**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА версиясы №** | **Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ...... протоколу жана датасы** |
|---|---|---|
| **1** | | 8.11.2017 –жылы КМТУнун ректору тарабынан бекитилген |
| **2** | Электрондук-маалыматтык ресурстарды колдонуу тартиптери боюнча өзгөртүүлөр киргизилди | 1.01.2023-жылы КМТУнун ректору тарабынан бекитилген |
| **3** | 1.7.; 2.2.1 пункттары жана 3.2.- пункттун 5-абзацы кошулду<br>1.9 жана 2.2.7 пункттары алынды<br>1.3. пункту жаңы редакцияда жазылды | Протокол №4<br>24.12.2025-жыл |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Илимий-техникалык китепкана (мындан ары — ИТК) И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары — И. Раззаков атындагы КМТУ) түзүмдүк бөлүмү болуп саналат жана университеттин билим берүү процессин, илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүгүн маалыматтык-китепканалык жактан камсыз кылат.

**1.2.** ИТК өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын «Китепкана иши жөнүндө» мыйзамын, И. Раззаков атындагы КМТУнун уставын, ректор тарабынан кабыл алынган токтомдорду, буйруктарды жана башка укуктук актыларды, ректордун буйруктары менен тескемелерин, ички тартип эрежелерин, ошондой эле ушул жобону жетекчиликке алат.

**1.3.** И. Раззаков атындагы КМТУ ИТКнын негиздөөчүсү катары анын ишмердүүлүгүн каржылайт жана колдонуудагы мыйзамдарга ылайык бул ишмердүүлүккө көзөмөл жүргүзөт.

**1.4.** ИТК өз ишинде И. Раззаков атындагы КМТУнун институттары, жогорку мектептери, кафедралары, илимий бөлүмдөрү, ошондой эле башка китепканалар, билим берүү жана маданий уюмдар менен өз ара кызматташат.

**1.5.** ИТК өз фонддорунун курамы боюнча китепкана колдонуучуларынын ар түрдүү категорияларынын билим берүү жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө байланышкан маалыматтык муктаждыктарын канааттандырат.

**1.6.** ИТК өз ишмердүүлүгүндө коомдо калыптанган идеологиялык жана саясий ар түрдүүлүктү чагылдырат.

**1.7.** Фонддорго жетүү тартиби, негизги кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси жана аларды көрсөтүүнүн шарттары «И. Раззаков атындагы КМТУнун илимий-техникалык китепканасын пайдалануу эрежелери» менен аныкталат.

**1.8.** ИТК электрондук китепканалар ассоциациясынын жана китепкана-маалыматтык консорциумдун жамааттык мүчөсү болуп саналат.

## 2. Негизги максаттары жана милдеттери

**2.1.** ИТКнын ишмердүүлүгүнүн максаты — И. Раззаков атындагы КМТУнун илимий жана билим берүү ишмердүүлүгүн маалыматтык камсыздоонун заманбап деңгээлин түзүү, колдонуучуларга маалыматтык ресурстардын мүмкүн болушунча кеңири чөйрөсүнө ыкчам жетүүнү камсыз кылуу жана ар түрдүү кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо болуп саналат.

**2.2. ИТКнын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:**

**2.2.1.** Окурмандарды тейлөөнүн инновациялык формаларын колдонуу менен И. Раззаков атындагы КМТУнун бардык контингентин — студенттерди, угуучуларды, аспиранттарды, докторанттарды, окутуучуларды, илимий кызматкерлерди жана университеттин башка бардык кызматкерлерин алардын маалыматтык суроо-талаптарына ылайык ыкчам жана мүмкүн болушунча толук китепканалык жана маалыматтык-библиографиялык тейлөө. Маалыматтык мүмкүнчүлүктөр интернет тармагы, wi-fi аркылуу жеткиликтүүлүк, электрондук ресурстарга жетүү укугун сатып алуу, өзүнүн электрондук ресурстарын түзүү жана ИТКнын веб-сайтын колдоо аркылуу кеңейтилет.

**2.2.2.** И. Раззаков атындагы КМТУнун билим алуучуларын, профессордук-окутуучулук курамын жана кызматкерлерин окуу, илимий, маалымдамалык, усулдук жана башка адабияттар менен салттуу жана электрондук форматта камсыз кылуу.

**2.2.3.** Билим берүү жана илимий ишмердүүлүктө заманбап маалыматтык коммуникациялык технологияларды натыйжалуу пайдалануу үчүн шарттарды түзүү.

**2.2.4.** Улуттук жана эл аралык маалыматтык ресурстарга жетүү мүмкүнчүлүгүн берүү аркылуу илимий изилдөөлөрдү, инновациялык долбоорлорду жана окуу процессин колдоо.

**2.2.5.** Китепкана-маалыматтык процесстерди компьютерлештирүү жана заманбап технологияларды киргизүүнүн негизинде ИТКнын ишин өркүндөтүү.

**2.2.6.** Окурмандардын документтерге жана маалыматка болгон муктаждыктарын толук канааттандыруу максатында башка китепканалар, илимий-техникалык маалымат органдары жана башка мекемелер менен ишмердүүлүктү координациялоо жана кызматташуу.

## 3. Негизги функциялар

**3.1.** Бирдиктүү окурмандык билеттин негизинде окуу залдарында жана абонементтерде колдонуучуларды жеке жана топтук тейлөө ыкмаларын колдонуу менен дифференцияланган тейлөөнү уюштурат.

**3.2.** ИТК колдонуучуларын төмөнкү негизги китепканалык кызмат көрсөтүүлөр менен акысыз камсыз кылат:

- китепканалык фонддун курамы жөнүндө каталогдордун, картотекалардын, маалымат базаларынын жана китепканалык маалымат берүүнүн башка формаларынын тутуму аркылуу толук маалымат берет;
- керектүү документтерди издөөдө жана тандоодо консультациялык жардам көрсөтөт;
- китепканалык фонддордон документтерди убактылуу пайдаланууга берет;
- тематикалык, даректүү жана башка библиографиялык маалымдамаларды аткарат, китеп көргөзмөлөрүн уюштурат жана башка иш-чараларды өткөрөт.
- илимий-изилдөө иштерге жана студенттердин илимий-изилдөө иштерине көмөк көрсөтөт.

**3.3.** И. Раззаков атындагы КМТУнун профилине, билим берүү-кесиптик программаларга, окуу пландарына жана илимий изилдөөлөрдүн тематикасына ылайык фондду толуктоону камсыз кылат. Окуу, илимий, маалымдамалык, көркөм адабияттарды, мезгилдүү басылмаларды жана документтердин башка түрлөрүн сатып алат, университеттин профили боюнча электрондук маалыматтык ресурстарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылат. Кыргыз Республикасынын китепканалары, башка мекемелер жана уюмдар менен китеп алмашууну жүзөгө ашырат.

**3.4.** Фонддорду эсепке алууну, жайгаштырууну жана текшерүүнү жүргүзөт, алардын сакталышын, сактоо режимин, реставрациялоону жана консервациялоону, ошондой эле документтерди репродукциялоону камсыз кылат.

**3.5.** Эскирген же мазмуну боюнча актуалдуулугун жоготкон адабияттарды аныктоо максатында китепканалык фондду изилдейт. Колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга ылайык китепканалык фонддон документтерди чыгарып салат.

**3.6.** Окутуу бөлүмүнүн базасында 1-курстун студенттери үчүн «Китепканалык ресурстар менен иштөөнүн негиздери» темасында 4 сааттык сабактарды, лицейдин угуучулары жана политехникалык колледждин студенттери үчүн 2 сааттык сабактарды, аспиранттар жана магистранттар үчүн «Изилдөө ишмердүүлүгү үчүн маалыматтык ресурстар» программасы боюнча 8 сааттык сабактарды офлайн жана онлайн форматта уюштурат жана өткөрөт. Ошондой эле КМТУнун жана анын филиалдарынын колдонуучуларынын ар түрдүү категориялары үчүн маалымат базаларынын презентацияларын жана маалыматтык ресурстар менен иштөө боюнча тренинг-семинарларды офлайн жана онлайн форматта үзгүлтүксүз өткөрөт.

**3.7.** И. Раззаков атындагы КМТУнда корголгон авторефераттардын жана диссертациялардын эсепке алынышын жана сакталышын камсыз кылат.

**3.8.** Китепканалык процесстерди жана колдонуучуларды маалыматтык-библиографиялык тейлөөнү өркүндөтүү максатында ИТК САБ ИРБИС 64+ (китепканаларды

автоматташтыруунун көп функциялуу программалык комплекси) тутуму менен иштейт жана колдонуучуларга автоматташтырылган режимде ар кандай кызматтарды көрсөтөт.

**3.9.** Китепканалык тейлөөнү жакшыртуу максатында колдонуучулардын маалыматтык муктаждыктарын изилдөөнү жана мониторинг жүргүзүүнү жүзөгө ашырат.

**3.10.** Китепкананын ишмердүүлүгү жөнүндө колдонуучуларды маалымдоону камсыз кылат, ИТК тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарды жана маалыматтык ресурстарды жарнамалоону уюштурат.

**3.11.** Китепкана кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу тутумун уюштурат, өз алдынча билим алууга жана кесиптик өнүгүүгө шарттарды түзөт, ар түрдүү формаларды жана ыкмаларды колдонот. ИТКнын адистеринин квалификациясын жогорулатуу алардын бүткүл эмгек ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Окутуу системалуу мүнөздө болуп, иштин жаңы формаларынын пайда болушуна жараша туруктуу жаңыланып турат. Ар бир адис квалификациясын жогорулатуу процессине активдүү катышууга, кесиптик билимин жана көндүмдөрүн өркүндөтүүгө, ошондой эле келечекте аткарылуучу жаңы милдеттерге даярданууга укуктуу жана милдеттүү.

**3.12.** Кесиптик ишмердүүлүгүнө ылайык конференцияларга, кеңешмелерге жана семинарларга катышат.

**3.13.** И. Раззаков атындагы КМТУнун кафедралары, факультеттери, илимий жана башка түзүмдүк бөлүмдөрү, ошондой эле коомдук уюмдар менен ишти координациялайт.

**3.14.** Мамлекеттик программаларга, ошондой эле мекемелер менен уюмдардын ортосунда түзүлгөн келишимдерге ылайык маалымат банктары бар китепканалар, илимий-техникалык маалымат органдары, архивдер жана башка мекемелер, уюмдар менен өз ара кызматташат.

## 4. Китепкананын түзүмү

**4.1.** ИТКнын түзүмүнө И. Раззаков атындагы КМТУнун ректорунун буйругу менен ИТКнын директорунун сунушунун негизинде түзүлгөн бөлүмдөр кирет. Бул бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгү ИТКнын директорунун сунушу боюнча И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору тарабынан бекитилген тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат.

**4.2.** ИТКнын түзүмдүк бөлүмдөрү катары маалыматтык-китепканалык тейлөөнү жүзөгө ашыруучу бөлүмдөр, секторлор жана башка түзүмдөр иш алып барышы мүмкүн.

## 5. Илимий-техникалык китепкананы башкаруу

**5.1.** ИТКга жалпы жетекчиликти И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору жүзөгө ашырат, ал төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:

- ИТКнын түзүмүн жана штаттык бирдиктерин бекитет;
- ИТК жөнүндө жобону бекитет;
- ИТКнын директорун дайындайт.

**5.2.** ИТКга түздөн-түз жетекчиликти И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору тарабынан дайындалган директор жүзөгө ашырат. ИТКнын директору И. Раззаков атындагы КМТУнун Ректорлор кеңешинин мүчөсү болуп саналат.

**5.3.** Директор ИТКга жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы үчүн, техникалык коопсуздуктун абалына, эмгекти коргоо жана өндүрүштүк санитария талаптарынын сакталышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат; өзүнүн компетенциясынын чегинде бардык кызматкерлер үчүн милдеттүү болгон буйруктарды жана көрсөтмөлөрдү чыгарат жана алардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

**5.4.** ИТК кызматкерлеринин укуктары, милдеттери, жумушка кабыл алуу жана жумуштан бошотуу тартиби, ошондой эле университет менен ИТК кызматкерлеринин ортосундагы башка эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен

аныкталат. ИТК кызматкерлери ИТКнын директорунун сунушунун негизинде эмгек келишимине (контрактка) ылайык И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

**5.5.** ИТК кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери кызматтык нускамалар менен аныкталат.

**5.6.** ИТКнын түзүмү жана штаттык бирдиктери И. Раззаков атындагы КМТУнун жетекчилиги тарабынан бекитилет жана кадрлар менен иштөө башкармалыгынын (АРБ) жетекчиси менен макулдашылат.

**5.7.** ИТКнын түзүмү жана штаттык курамы төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

- Фонддорду толуктоо жана каталогдоштуруу бөлүмү;
- Тейлөө бөлүмү;
- Электрондук документация жана библиография бөлүмү;
- Окутуу бөлүмү;
- Автоматташтыруу бөлүмү.

**5.8.** ИТК белгиленген тартипте документацияны жүргүзөт жана өз ишмердүүлүгү жөнүндө отчетторду, иш пландарын жана башка маалыматтарды сунуштайт.

## 6. Каржылоо

**6.1.** И. Раззаков атындагы КМТУнун жетекчилиги ИТКнын фонддорун толуктоону кепилденген каржылоону камсыз кылат, колдонуудагы ченемдерге ылайык ИТКны зарыл болгон кызматтык жана өндүрүштүк жайлар, компьютердик жана көчүрмө-көбөйтүүчү техника, байланыш каражаттары жана кеңсе техникасы менен камсыз кылат.

**6.2.** ИТКнын ишмердүүлүгүн каржылоонун булактары болуп төмөнкүлөр саналат: бюджеттик каражаттар; И. Раззаков атындагы КМТУнун киреше алып келүүчү ишмердүүлүгүнөн түшкөн каражаттар.

**6.3.** Финансылык-чарбалык ишмердүүлүктүн планы ар бир календардык жылга ИТКнын директору тарабынан түзүлөт жана белгиленген тартипте И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору тарабынан бекитилет.

## 7. Илимий-техникалык китепкананын укуктары жана милдеттери

**7.1. ИТКга төмөнкү укуктар берилет:**

**7.1.1.** Жободо көрсөтүлгөн максаттарга жана милдеттерге ылайык өз ишмердүүлүгүнүн мазмунун жана так формаларын өз алдынча аныктоо.

**7.1.2.** Түзүмүн, штаттык расписаниесин жана илимий китепкананы пайдалануу эрежелерин иштеп чыгып, бекитүү үчүн И. Раззаков атындагы КМТУнун ректоруна сунуштоо.

**7.1.3.** «Илимий-техникалык китепкананы пайдалануу эрежелери» менен ылайык колдонуучулар тарабынан келтирилген зыяндын өлчөмүн аныктоо.

**7.1.4.** И. Раззаков атындагы КМТУнун билим берүү программалары, окуу пландары илимий изилдөөлөрдүн тематикасы менен таанышуу; ИТКга жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн керектүү материалдар жана маалыматтарды анын түзүмдүк бөлүмдөрүнөн алуу.

**7.1.5.** И. Раззаков атындагы КМТУнун атынан ар кандай мекемелерде жана уюмдарда өкүлчүлүк кылуу; китепканалык жана маалыматтык-библиографиялык ишмердүүлүк боюнча илимий конференциялар, кеңешмелер, семинарларда түздөн түз катышуу.

**7.1.6.** Башка китепканалар жана уюмдар менен белгиленген тартипте кат алышууну жүргүзүү.

**7.1.7.** Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык китепканалык бирикмелерге кирүү.

**7.1.8.** Улуттук жана регионалдык китепканалык өнүктүрүү программаларын конкурс ж башка негизде ишке ашырууга катышуу.

**7.2. ИТК төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:**

**7.2.1.** Материалдык жана адамдык ресурстарды натыйжалуу пайдалануу.

**7.2.2.** Колдонуучуларды жана кызматкерлерди мезгил-мезгили менен аттестациялоо, колдонуудагы мыйзамдарга ылайык.

**7.2.3.** И. Раззаков атындагы КМТУга жана жогорку инстанцияларга белгиленген тартипте отчет берүү.

**7.3. ИТК төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:**

**7.3.1.** Китепканалык фонддордун, жайлардын жана жабдуулардын сакталышы үчүн.

**7.3.2.** Өз компетенциясына тиешелүү функцияларды аткарбоо үчүн.

**7.3.3.** Зыян келтирген ИТКнын кызматкерлери колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

**Макулдашылды:**

УИБ башчысы __________________ Исраилов А.Ж.

АРБ башчысы __________________ Мусаева А.К.